Утверждена Правлением
ЗАО «МФК «Элет-Капитал» протокол
№ 40 от 27 июня 2022 г.
№ 83 от 29 ноября 2022г.

____________________________________

Председатель Правления –
Генеральный директор Камчыбеков Э.С.

**«Элет-Капитал» МФК ЖАКнун «Онлайн Кредит» тиркемеси кызмат көрсөтүүсү аркылуу аралыктан тейлөө шарттарын кабыл алуу үчүн**

# АЧЫК ОФЕРТА КЕЛИШИМИ

Бул Ачык оферта келишими (мындан ары - Оферта келишими) «Элет-Капитал» МФК ЖАКнан «Онлайн Кредит» тиркемеси кызмат көрсөтүүсү аркылуу Компаниянын кредиттерин алуу үчүн аралыктан тейлөө шарттарын кабыл алуу боюнча «Элет-Капитал» микрофинансылык компаниясы ЖАКнун» (мындан ары - Компаниянын) расмий ачык сунушу болуп саналат.

Оферта келишиминин учурдагы версиясы «Элет-Капитал» МФК ЖАКнун www.elet.kg расмий сайтында жайгаштырылган.

## 1. Терминдер жана аныктамалар

**Акцепт** - (лат. acceptus — кабыл алынган), сунушталган шарттар менен толук шартсыз макул болуу.

**Аутентификация** – бул көрсөтүлгөн идентификатордун (логин, сыр сөз, ПИН-код ж.б.) аныктыгын текшерүү жолу менен адамдын аныктыгын идентификациялоо.

«Онлайн кредит» кыызмат көрсөтүүсүнө жетүүнү **кулптоо** – Компания тарабынан «Онлайн кредит» кызмат көрсөтүүсү аркылуу операцияларды жасоого техникалык чектөөлөрдү, анын ичинде Компаниянын авторизация берүүдөн баш тартуусун караштырган, орнотуу жол-жобосу.

**«Онлайн Кредит» тиркемеси** – Компанияга таандык болгон, кардарга алыстан идентификациялоо жана кредитке өтүнмө толтуруу, Компаниянын кредиттерин аралыктан тариздөө жана алуу мүмкүнчүлүгүн берүүчү, жана Интернет аркылуу компьютерлерде, ноутбуктарда, планшеттерде жана мобилдик телефондордо иштөө үчүн караштырылган аралыктан тейлөө тутуму (мындан ары – «Тиркеме»).

**Арыз** – кардардын Компанияга «Онлайн кредит» тиркемеси аркылуу Жеке кабинетинен кредит алууга арызын камтыган электрондук документ.

**Идентификация** – «Террористтик ишмердүүлүктү финансылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы туруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын (КР) Мыйзамына, КРУБнын Башкармалыгынын Токтому менен бекитилген «Микрофинансылык уюмдардын кардарларын алыстан шарттамдан идентификациялоо жана верификациялоо тартибине» жана Компания тарабынан аныкталган тартипке ылайык кардар жөнүндө идентификациялык маалыматтарды аныктоо жана дараметтүү карыз алуучунун өздүгүн аныктоо жол-жобосу.

**Кардар** – КР резиденти болуп саналган, 21 жашка толгон, укукка жөндөмдүү жана иш-аракетке жөндөмдүү, акцепт жолу менен ушул Оферта келишиминин аныкталган шарттарын шартсыз кабыл алуусун тастыктаган, «Онлайн Кредит» тиркемеси кызмат көрсөтүүсүнүн колдонуучусу болуп саналган физикалык жак.

**Компания –** кредитор болуп саналган, «Онлайн кредит» тиркемеси аркылуу кредиттерди берген **««Элет-Капитал» микрофинансылык компаниясы ЖАКу»**. 2018-жылдын 30-мартындагы №013 банктык операцияларды жүзөгө ашырууга лицензия.

**Персоналдуу маалыматтардын купуялуулугу** – Компания тарабынан сактоо милдеттүү болгон жеке маалыматтардын субъектисинин макулдугусуз же башка мыйзамдуу негизсиз жеке маалыматтарды таратууга жана/же жарыялоого жол бербөө талабы. Мында жеке маалыматтарды КР мыйзамдарына ылайык гана жарыялоо мүмкүн болот.

**Кредиттик скоринг (скоринг)** — Компаниянын аныкталган ички ченемдик документтерине ылайык жана сандык статистикалык усулдарга негизделген кардарлардын кредитке жөндөмдүүлүгүн (кредиттик тобокелдерин) баалоо тутуму. Скоринг Кардар анкета толтуруп жатканда упайларды ыйгаруу болот.

Топтолгон упайлардын натыйжалары боюнча тутум тарабынан кредит берүүнү жактыруу же баш тартуу жөнүндө чечим автоматтык түрдө кабыл алынат.

**Жеке кабинет –** бул Тиркемедеги колдонуучунун өзгөчө бөлүмү, ал Кардардын жеке маалыматтарына жетүү алуусуна, кредитке өтүнмөнү тариздөө мүмкүнчүлүгүн алуусуна жана өтүнмө менен кредиттин абалы жөнүндө маалымат алуусуна жол берет.

**Логин** – Кардардын коддук ысымы, ал «Онлайн кредит» тиркемеси кызмат көрсөтүүсүнүн Жеке кабинетинде авторизация жана аны колдонуу үчүн зарыл. Кардардын логини «0XXXYYYYYY» форматындагы мобилдик телефондун номери болуп саналат.

**Жеке маалыматтарды иштетүү** – автоматизациянын каражаттарын колдонуу менен же андай каражаттарды колдонуусуз жеке маалыматтар менен жасалуучу, жеке маалыматтарды чогултууну, жазууну, тутумдаштырууну, топтоону, сактоону, тактоону (жаңылоону, өзгөртүүнү), сууруп алууну, колдонууну, берүүнү (таратуу, берүү, жетүү), жаксыздантууну, кулптоону, алып салууну, жок кылууну кошо, ар кандай иш-аракет (операция) же иш-аракеттердин (операциялардын) жыйындысы.

**Онлайн Кредит**– Компания тарабынан аралыктан кардардын электрондук капчыгына/Элкарт төлөм картасына чегерүү жолу менен кайтарылуучулук, акылуулук жана мөөнөттүүлүк шарттарында берилүүчү карыз каражаттары.

**Сыр сөз** – 6дан кем эмес символдон турган жана сандарды, баш тамгаларды жана кичине тамгаларды, ошондой эле атайын символдорду (@$!%*?&) камтыган, кардар логин менен чогуу авторизация/өздүгүн тастыктоо жана «Онлайн Кредит» тиркемесинин Жеке кабинетине жетүү алуу үчүн көрсөтүүчү жашыруун код.

**Жеке маалыматтар** – аныкталган же аныкталып жаткан физикалык жакка (жеке маалыматтардын субъектисине) түз же кыйыр тийиштүү болгон ар кандай маалымат.

**Элкарт төлөм картасы** – Кардардын – КР каалаган банкынын Элкарт улуттук төлөм картасын кармоочунун банктык эсебине жетүү мүмкүнчүлүгүн берүүчү шайман. Банктык эсепти толуктоо же накталай акча алуу үчүн, ошондой эле накталай эмес төлөмдөр, анын ичинде Интернет аркылуу да, үчүн колдонулат.

**Тарифтер** – кредиттерди аралыктан/алыстан тейлөө үчүн Компаниянын комиссияларынын, анын ичинде үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдүн өлчөмдөрү.

**Билдирме** – Компания тарабынан кардарга электрондук формада электрондук почта, смс-билдирүүлөр жана башка белгилүү жеткиликтүү байланыш каналдарын колдонуу менен жөнөтүлүүчү билдирүү.

**Тиркемени колдонуунун шарттары** – ушул Ачык оферта келишиминде, «Онлайн Кредит» тиркемеси кызмат көрсөтүүсүн колдонуу эрежелеринде жана «Онлайн Кредит» тиркемеси кызмат көрсөтүүсүнүн купуялуулук саясатында баяндалган шарттар, аларга макулдугун Кардар акцепт менен тастыктайт.

**Электрондук документ** – бул электрондук формада берилген жана ишенчиликтүүлүгүн текшерүү үчүн тиешелүү реквизиттерге ээ болгон, маалыматтык-телекоммуникациялык тармактар боюнча берүүгө жана маалыматтык тутумдарда иштетүүгө жарамдуу болгон документтештирилген маалымат.

**Электрондук санариптик кол (ЭСК)** – электрондук формадагы маалымат, ал электрондук формадагы башка маалыматка кошулган жана (же) аны менен логикалык түрдө байланышкан, жана ал анын атынан маалыматка кол койгон адамды аныктоо үчүн колдонулат. Ушул Оферта келишиминин алкагында, электрондук санариптик кол деп Кардар көрсөткөн мобилдик телефондун номерине СМС-билдирүү менен алынган жана кардар тарабынан кредиттик келишимдин шарттарын тастыктоо жана макул болуу үчүн колдонулуучу бир жолку код (OTP - One-Time Password) эсептелет.

## 2. Келишимдин предмети

**2.1.** Ушул оферта келишими «Элет-Капитал» МФК ЖАКнан «Онлайн Кредит» тиркемеси боюнча физикалык жактарды ичине төмөнкүлөрдү камтыган алыстан/аралыктан тейлөө кызмат көрсөтүүсүн берүү шарттары менен тартибин аныктайт:

- Кардардын анын жеке маалыматтарын алууга жана иштетүүгө макулдугун тастыктоосун (1-тиркеме),
- Кардардын Жеке кабинетине жетүү алуу үчүн Кардарды алыстан идентификациялоону жана Кардарды аутентификациялоону,
- кредитке өтүнмө тариздөөнү жана өтүнмөнү кароонун макамына көз салууну,
- Кардардын онлайн өтүнмөсүн Компаниянын кредиттик скорингинин шарттары боюнча кароону

жана жактырууну,

- ЭСКду колдонуу менен Кредиттик келишим түзүүнү жана кредитти кардардын электрондук капчыгына же Элкарт картасына алууну.

**2.2.** КР мыйзамдарын аткаруу жана ушул Оферта келишими боюнча кызматтарды көрсөтүү максатында Кардар Компанияга ар кандай, анын ичинде купуя маалыматты чогултууга, иштетүүгө, сактоого жана берүүгө өз макулдугун берет; ал берген бардык маалыматтардын ишенчиликтүүлүгүн жана тактыгын кепилдейт, ошондой эле ал ден соолугунун абалы боюнча иш-аракетке жөндөмдүүлүктө чектелбегендигин, опекада, камкордукта, патронажда турбагандыгын, өз укуктарын өз алдынча жүзөгө ашыра жана коргой аларын, милдеттерин аткара аларын, түзүлгөн Ачык оферта келишиминин маңызын жана аны түзүү жагдайларын аңдоого жолтоо болуучу оорулардан жапа чекпегендигин тастыктайт.

**2.3.** Компания Кардар берген купуя маалыматтын, ага кардардын жекечелештирилген маалыматтарына, жасалган операциялар жөнүндө маалыматтарга тиешелүү ар кандай маалыматтар киришет, жана КР мыйзамдарында купуя (жашыруун) маалыматка киргизилген ар кандай башка маалыматтын сакталгандыгын камсыздайт.

**2.4.** Ушул Оферта келишиминин акцепти Кардардын Кредиттик келишимде аныкталган шарттарга ылайык берилүүчү Компаниянын кредиттерин алуу үчүн «Онлайн Кредит» тиркемесинде аралыктан тейлөөнүн сунушталган шарттары менен толук жана шартсыз макулдугун болжойт.

**2.5.** «Онлайн Кредит» тиркемеси кызмат көрсөтүүсүн колдонуу менен алынуучу Компаниянын кредиттери боюнча Кредиттик келишим, Кардар (физикалык жак) менен түзүлдү деп эсептелет да, Кардар Кыргыз Республикасынын (КР) Жарандык кодексинин 398-бер. 2.п. ылайык Кардардын электрондук санариптик колу (ЭСК) коюлган ушул Оферта келишиминде жана Кредиттик келишимде каралган иш-аракеттерди жасаган учурдан баштап күчүнө кирет.

**2.6.** Компания, Кардардын электрондук санариптик колу (ЭСК) коюлган Кредиттик келишимге ылайык, Кардарга кайтарылуучулук, мөөнөттүүлүк жана акылуулук шарттарында акча каражаттарын берет. Мында Компания өзүнүн кароосу боюнча кардарга кредиттерди берүүдөн баш тартууга жана кабыл алынган чечимге тиешелүү маалыматты бербөөгө укуктуу.

## 3. Жалпы жоболор

**3.1.** Компания «Онлайн Кредит» тиркемеси аркылуу Кыргыз Республикасынын улуттук валютасында кредит берүүнү жүзөгө ашырат.

**3.2.** Компания аны Компаниянын расмий сайтында: www.elet.kg жайгаштыруу жолу менен кардарга бүткүл зарыл маалыматты берет.

**3.3.** Кардардын «Онлайн Кредит» тиркемеси кызмат көрсөтүүсүн колдонуусу ушул Оферта келишиминин шарттары менен, акцепт менен тастыкталуучу кардардын жеке маалыматтарын иштетүү шарттарына макулдукту да кошо, макулдугун билдирет.

**3.4.** Ушул Оферта келишиминин шарттары менен макул болбогон учурда, кардар кызмат көрсөтүүнү колдонууну токтотууга жана «Онлайн Кредит» тиркемеси кызмат көрсөтүүсү аркылуу иш-аракеттерди жасабоого милдеттүү.

**3.5.** Кардардын жеке маалыматтары кардарга «Онлайн Кредит» тиркемеси кызмат көрсөтүүсүнө жетүү берүү максатында колдонула алат.

**3.6.** Кардардын жеке маалыматтарын иштетүү мөөнөтүн чектөөсүз, ар кандай мыйзамдуу ык менен, анын ичинде автоматизация каражаттарын колдонуп же андай каражаттарды колдонбой жеке маалыматтардын маалыматтык тутумдарында, жүзөгө ашырылат.

**3.7.** Кардар ушул Оферта келишиминин алкагында, акцептти тастыктоо анын төмөнкү шарттар менен толук шартсыз макулдугу болуп саналарын түшүнөт:

- кардарды фотографиялоону жана/же видеого жазууну жүзөгө ашырууга жана аларды Компаниянын ички ченемдик документтерине ылайык андан ары колдонууга;
- жеке маалыматтарды чогултууга жана иштетүүгө, анын ичинде КР Мамлекеттик каттоо кызматынан, Социалдык фондунан жана башка мамлекеттик органдардан жана расмий булактардан;
- кредиттик бюродон (мындан ары – КБ) кредиттик таржымалды текшерүүгө жана маалыматтарды берүүгө);

- ушул Келишимдин алкагында, ар кандай мыйзамдуу иштеген органдардан ал жөнүндө маалыматтарды алууга;
- жеке маалыматтардын субъектисинин анын жеке маалыматтарын чогултууга, иштетүүгө жана берүүгө макулдугу формаларына кол коюуга (1-тиркеме);
- Компания тарабынан кредиттик скоринг жүргүзүүгө, ал үчүн Компаниянын кардар жөнүндө купуя маалыматты (жеке маалыматтарды кошо) алуусу, жана ага Компаниянын кредиттери жөнүндө сунуштарды берүүсү зарыл;
- Компания тарабынан «Онлайн Кредит» тиркемесинде электрондук санариптик колду (ЭСК) колдонуу менен берилүүчү шарттардагы кредитти алууга;
- Компания тарабынан жактырылган кредиттин шарттарында жана ушул Келишимдин 2.6-пунктуна ылайык акча каражаттарын берүүгө.

Мында, Компаниянын сунушталган шарттарына макулдук Компаниянын кредиттерди берүү боюнча оң чечимди кабыл алуусунун кепилдиги болуп саналбайт.

**3.8.** ЭСКду колдонуу Компаниянын кардарынын өз колу менен коюлган колунун эквиваленти, кардарды идентификациялоонун жана электрондук документтин бүтүндүгүн текшерүүнүн шайманы болуп саналат.

**3.9.** Кардар ЭСКду колдонуу менен жасалуучу операциялар менен келишимдердин юридикалык маанилүүлүгү, ЭСК аркылуу кол коюлган документ (документтер топтому) кайтарылгыс болуп саналары жана Кардар өз колу менен кол койгон кагаз документке (документтер топтомуна) теңдеш деп таанылары менен кабардар жана түшүнөт.

**3.10.** Кардар Кредиттик келишим менен таанышкандан жана Кардар көрсөткөн мобилдик телефондун номерине СМС-билдирүү аркылуу алынган бир жолку кодду (OTP - One-Time Password) киргизүү аркылуу шарттарды кабыл алуусун тастыктагандан кийин, Кредиттик келишим кардардын Кредиттик келишимде каралган шарттарды шартсыз кабыл алуусу менен, КР мыйзамдарынын талаптарына ылайык келген ЭСКду колдонуу менен түзүлдү деп эсептелет.

**3.11.** Кардар «Онлайн Кредит» тиркемеси кызмат көрсөтүүсү боюнча карыз каражаттарды берүүгө өтүнмө жактырылган учурда, кредит боюнча бардык талап кылынган документтер жалаң электрондук формада таризделерине жана ЭСК аркылуу кол коюларына макул, атап айтканда:

- Электрондук форматтагы Кредиттик келишим (КК),
- Кредитти төлөп кутулуу графиги (ККге тиркеме),
- Карыз алуучунун кредит боюнча чыгымдары (төлөмдөрү).

Мында Кредиттик келишимге кол коюу Компаниянын кредитти берүүсүнүн кепилдиги болуп саналбайт.

**3.12.** «Онлайн Кредит» тиркемесинин жеке кабинетинен логинди жана сыр сөздү Кардар гана колдоно алат. «Онлайн Кредит» тиркемесинен логинди жана сыр сөздү үчүнчү жактарга берүүгө уруксат кылынбайт. «Онлайн Кредит» тиркемеси кызмат көрсөтүүсүнөн логинди жана сыр сөздү колдонуу үчүн жоопкерчиликти Кардар өз алдынча тартат.

**3.13.** «Онланй Кредит» тиркемеси кызмат көрсөтүүсү аркылуу кредит алууга арыз толтурганда кредит боюнча акча каражаттарын Кардардын электрондук капчыгына же Элкарт төлөм картасына чегерүү үчүн электрондук капчыктын же Элкарт төлөм картасынын номерин киргизүүнүн ишенчиликтүүлүгү жана тууралыгы үчүн жоопкерчиликти Кардар өз алдынча тартат.

**3.14.** «Онлайн Кредит» тиркемесинин жеке кабинетинен логинди жана сыр сөздү мыйзамсыз колдонуу, жоготуу/берүү же Кардардын электрондук капчыгынын же Элкарт төлөм картасынын номерин ката киргизүү байкалган учурда, ошондой эле эгер Кардар бул өңдүү кырдаалдар пайда болуу мүмкүндүгүнөн шектенген учурда, Кардар бул жөнүндө Компанияга токтоосуз билдирүүгө милдеттүү. Компаниянын телефон номерлери жана электрондук почтасы:
0 550 933 811,701 933 811, 777 933 811, elet@elet.kg

**3.15.** Компанияга Кардар Келишимдин шарттарын аткарбоо же начар аткаруунун аркасында келтирген зыян, Кардар тарабынан шартсыз толук көлөмдө ордун толтурууга жатат.

## 4. «Онлайн Кредит» тиркемеси кызмат көрсөтүүсү аркылуу аралыктан берилүүчү кредиттердин шарттары, таризделиши, берилиши жана төлөп кутулуусу

**4.1. Онлайн Кредиттин шарттары:**

4.1.1. Онлайн кредит аралыктан, кардардын электрондук капчыгына же КР каалаган банкында ачылган Элкарт төлөм картасына улуттук валютада акча каражаттарын чегерүү жолу менен берилет.
4.1.2. Кредиттин минималдуу суммасы - 1 000 (бир миң) сом;
4.1.3. Кредиттин максималдуу суммасы – 15 000 (он беш миң) сомдон ашуун эмес, кошо;
4.1.4. Кредиттин мөөнөтү - 1 (бир) айдан 6 (алты) айга чейин;
4.1.5. Кредитти колдонуу үчүн пайыздар жана комиссиялар «Элет-Капитал» МФК ЖАКнун өтүнмө берген учурда иштеп жаткан тарифтерине ылайык аныкталат;
4.1.6. Төлөп кутулуу графиги: аннуитеттик;
4.1.7. Кредит боюнча төлөп кутулуу ар ай сайын, кредитти кардардын/карыз алуучунун эсебине факт жүзүндө чегерген күндөн тартып кийинки айдын ошол күнүнөн баштап жүргүзүлөт;
**4.1.8.** Кредиттин максаты – Компаниянын кредиттик саясатына каршы келбеген керектөөчүлүк максаттар**;**

**4.2. Пайыздарды эсептөө тартиби.**

4.2.1. Компаниянын кредит боюнча пайыздарды эсептөөсү негизги карыздын калдыгына ар ай сайын, кардардын ссудалык эсебинен акчаларды факт жүзүндө чыгарып салган күндөн баштап жүргүзүлөт да, кредитти колдонгон күндөрдүн факт жүзүндөгү санынан жана бир жылдагы күндөрдүн 365ке барабар санынан чыгып эсептелет. Пайыздарды эсептөө кредитти алган күндөн баштап жүргүзүлөт да кредит боюнча негизги сумманы толук төлөп кутулуунун алдындагы күн менен бүтөт. Кредиттин мөөнөтү ичинде негизги сумманын калдыгы өзгөргөндө, пайыздардын суммасын эсептөөгө өзгөртүүлөр кийинки күнү жүргүзүлөт.
4.2.2. Компаниянын негизги карыздын суммасын кайтарып берүүнүн мөөнөтүн өткөрүү үчүн пайыздарды эсептөөсү кредиттин негизги карызы боюнча карыз пайда болгондон кийинки күнү башталат да, негизги карыз боюнча мөөнөттү өткөргөн күндөрдүн факт жүзүндөгү санынан жана бир жылдагы күндөрдүн 365ке барабар санынан чыгып эсептелет, ар бир календарлык айдын ичинде айдагы күндөрдүн саны боюнча негизги карыз, эсептелген пайыздар, жаза туумдары боюнча карызды толук төлөп кутулганга чейин негизги карыз боюнча мөөнөтү өткөн карыздын жана мөөнөтү өткөн пайыздардын суммасына жүргүзүлөт.
4.2.3. Негизги сумманын жана пайыздардын мөөнөтүн өткөрүү үчүн туум 4.1.5-п. көрсөтүлгөн пайыздык коюмдун өлчөмүндө, негизги карыздын жана пайыздардын мөөнөтү өткөн суммасынан, мөөнөтүн өткөрүү пайда болгондон кийинки күндөн баштап мөөнөтү өткөн суммаларды төлөп кутулган күндү кошо эсептелет. Бүткүл мезгил үчүн эсептелген туумдун өлчөмү, берилген кредиттин суммасынын 20 (Жыйырма) пайызынан ашпоого тийиш.

**4.3. Кредит боюнча төлөп кутулуунун тартиби.**

4.3.1. Төлөп кутулууга жатуучу сумманы толук төкпөгөн учурда, төгүлгөн бөлүгү төлөмдөрдүн кезектүүлүгү менен төмөнкү тартипте бөлүштүрүлөт: 1) график боюнча кредиттин негизги суммасы; 2) эсептелген пайыздары; 3) эсептелген тууму. Мында, карыз алуучу кредиттик келишимдин шарттарына ылайык негизги сумма, пайыздар жана туумдар боюнча карызды төлөп кутулуу милдетинен бошотулбайт.
4.3.2. Кредитти жарым-жартылай мөөнөтүнөн мурда төлөп кутулганда, Карыз алуучу эсептелген пайыздарды график боюнча кийинки күнгө төлөп кутулууга милдеттүү, ошондон кийин гана калган сумма кредиттин негизги суммасын төлөп кутулууга кетет. Башкача болгон учурда, карыз алуучу эсептелген пайыздарды катаал графикте көрсөтүлгөн күнгө төлөп кутулуу жүргүзүүгө милдеттүү.
4.3.3. Эгерде негизги сумманы жана/же пайыздарды төлөөчү күн «Төлөп кутулуу графигине» ылайык дем алыш же майрам күнгө туш келсе, анда төлөп кутулуу күнү деп андан кийинки жумуш күнү эсептелет. Мында карыз алуучу дем алыш жана майрам күндөрү кредитти колдонуу үчүн пайыздарды төлөйт.
4.3.4. Кредитти төлөп кутулуунун ыктары: Карыз алуучу жана/же 3-жак, Карыз алуучунун атынан, кредитти төлөп кутулууну накталай түрдө акча каражаттарын Компаниянын кассасына (саат 17:00гө чейин), Компаниянын эсептешүү эсебине (саат 16:00гө чейин) же аралыктан кредиттик келишимдин номери боюнча аларда Компаниянын кредиттерин төлөө эсебине төлөмдөрдү кабыл алуу кызматы көрсөтүлүүчү төлөм терминалдары, электрондук капчыктар, банктардын, уюлдук операторлордун жана төлөм уюмдарынын мобилдик тиркемелери аркылуу төгүү жолу менен жүргүзө алышат. Кредитти төлөө ыктарынын тизмеси компаниянын сайтында берилген: www.elet.kg

## 4. Компаниянын укуктары жана милдеттери

**5.1. Компания укуктуу болот:**

5.1.1. Кардарга кредит берүүдөн баш тартууга жана кабыл алынган чечимдин себептерине тиешелүү маалыматты бербөөгө;

5.1.2. Компания тарабынан кредит берүү жөнүндө оң чечим кабыл алынган жана ушул Келишимдин 3.10-п. каралган окуялар кирип келген учурда, кредиттин жактырылган суммасы өлчөмүндөгү жана кардардын кредит алууга арызында көрсөтүлгөндөн ашпаган акча каражаттарын, «Онлайн Кредит» тиркемеси кызмат көрсөтүүсү аркылуу кардардын электрондук капчыгынын же Элкарт төлөм картасынын эсебине чегерүүгө.

5.1.3. Алынган маалыматты жалаң ушул Оферта келишиминде жана Кредиттик келишимде көрсөтүлгөн максаттарга колдонууга;

5.1.4. Оферта келишимине жана (же) тарифтерге бир тараптуу өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө. Оферта келишимин жана (же) тарифтерди өзгөртүү жөнүндө кардарга билдирүү өзгөртүүлөрдү/Оферта келишиминин жаңы редакциясын ишке киргизген күнгө чейин 10 (он) күндөн кечиктирбей өзгөртүүлөрдү/Оферта келишиминин жаңы редакциясын Компаниянын расмий сайтында: www.elet.kg жайгаштыруу жолу менен жүзөгө ашырылат. Оферта келишимине жана (же) тарифтерге ар кандай өзгөртүүлөр аларды ишке киргизген күндөн баштап тараптар үчүн милдеттүү болуп калышат;

5.1.5. Кардар Кредиттик келишим боюнча өз милдеттенмелерин начар аткарганда Компания Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинде каралган өзүнүн укуктарын, карызга берилген каражаттарды кайтарып алууну камсыздоо максатында, ал жөнүндө каалаган маалыматты үчүнчү жактарга ага ыңгайлуу ар кандай ыкта берүү жолу менен ишке ашырууга укуктуу;

5.1.6. Кардар Кредиттик келишим боюнча өз милдеттенмелерин начар аткарганда Компания Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинде каралган өзүнүн укуктарын, милдеттенмелерин аткарбаганы жөнүндө билдирме жөнөтүү жана мөөнөтү өткөн карызды төлөп кутулбаганда КР мыйзамдарына ылайык андан ары сот органдарына берүү жолу менен ишке ашырууга укуктуу.

5.1.7. Компаниянын кызматчылары Кардар менен байланыштар жок болгон, ал милдеттенмелерин бузган учурда, каалаган (жумуш, дем алыш, майрам) күндөрү саат 6дан 22ге чейин ал жашаган жерге барууларды жүзөгө ашырууга укуктуу.

5.1.8. Компания Төлөп кутулуу графигине ылайык төлөмдөрдүн мөөнөтүн өткөргөн учурда жана карыз алуучунун келишим боюнча милдеттенмелерин аткаруусу күмөн санаткан башка учурларда келишимди бир тараптуу иретте үзүүгө укуктуу болот.

**5.2. Компания милдеттүү:**

5.2.1. Жашап турган ишкер жүгүртүүдөгү ушундай түрдөгү маалыматты коргоо үчүн колдонулуучу тартипке ылайык, кардардын жеке маалыматтарынын купуялуулугун коргоо үчүн этияттык чараларын көрүүгө;

5.2.2. Кардардын жеке маалыматтарын укук ченемсиз же кокус жетүүдөн, жок кылуудан, өзгөртүүдөн, кулптоодон, көчүрүүдөн, таратуудан, ошондой эле үчүнчү жактардын башка укук ченемсиз иш-аракеттеринен коргоо үчүн зарыл уюштуруучулук жана техникалык чараларды көрүүгө.

5.2.3. Эгерде жеке маалыматтар, «Онлайн Кредит» тиркемесинин Жеке кабинетинен логин жана сыр сөз Кардар тарабынан атайылап/атайылабастан берилген/жоготулган болсо жана Кардардын күнөөсү менен үчүнчү жактарга белгилүү болсо, Компания жоопкерчилик тартпайт.

5.2.4. Кардарга 5.1.4-п. ылайык Келишимди жана (же) тарифтерди өзгөртүү жөнүндө билдирүүгө.

5.2.5. Кардардын суроо-талабы боюнча анын кредити жөнүндө маалымат берүүгө.

## 5. Кардардын укуктары жана милдеттери

**6.1. Кардар укуктуу болот:**

6.1.1. Ошол иш-аракет менен кардар ден соолугунун абалы боюнча иш-аракетке жөндөмдүүлүктө чектелбегендигин, опекада, камкордукта, ошондой эле патронажда турбагандыгын, өз укуктарын өз алдынча жүзөгө ашыра жана коргой аларын жана милдеттерин аткара аларын, түзүлүп жаткан келишимдин маңызын жана аны түзүү жагдайларын аңдоого жолтоо болуучу оорулардан жапа чекпегендигин тастыктап, Компания менен 3.10-п. каралган ыктар менен келишим түзүүгө;

6.1.2. Келишимде каралган жана КР мыйзамдарында тыюу салынбаган ар кандай операцияларды жасоого;

6.1.3. Кредитти каалаган учурда мөөнөтүнөн мурда төлөп кутулуу үчүн комиссияны эске алуу менен мөөнөтүнөн мурда толук/жарым-жартылай төлөп кутулуу жүргүзүүгө.

**6.2. Кардар милдеттүү:**

6.2.1. Кредиттик келишим жана Оферта келишими менен өз убагында жана толук көлөмдө таанышууга жана шарттарын саткоого;

6.2.2. «Онлайн Кредит» тиркемеси кызмат көрсөтүүсүн колдонуу үчүн зарыл жеке маалыматтар жөнүндө маалыматты берүүгө, берилген маалыматты жаңыртууга, толуктоого;

6.2.3. Компания тарабынан Келишимге жана (же) тарифтерге киргизилген өзгөртүүлөргө өз алдынча көз салууга;

6.2.4. Компания кардардан «Онлайн Кредит» тиркемесинин жеке кабинетинен логинди жана сыр сөздү жоготуу/берүү жөнүндө билдирүү алган учурга чейин жасалган бардык операциялар үчүн жоопкерчилик тартууга;

6.2.5. КР мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, «Онланй Кредит» тиркемесинин жеке кабинетинен логинди жана сыр сөздү жоготууну болтурбоо жана үчүнчү жактардын мыйзамсыз колдонуусуна жол бербөө үчүн мүмкүн болгон чаралардын баарын көрүүгө.

6.2.6. Кардар өз алдынча жоопкерчилик тартат:

- «Онлайн Кредит» кызмат көрсөтүүсүн колдонгондо банк картасынын/электрондук капчыктын номерлерин, логинди, сыр сөздү жана ОТР – бир жолку кодду (ЭСК) киргизүүнүн ишенчиликтүүлүгү жана тууралыгы үчүн,
- «Онлайн Кредит» кызмат көрсөтүүсүндө кредит алуу үчүн көрсөтүлгөн маалыматтын ишенчиликтүүлүгү жана кредиттик келишимде каралган мөөнөттө кредитти өз убагында төлөп кутулуу үчүн.

6.2.7. «Онлайн Кредит» тиркемесинин Жеке кабинетине кирүү үчүн логинди жана сыр сөздү мыйзамсыз колдонуу, жоготуу/берүү же Кардардын электрондук капчыгынын же Элкарт төлөм картасынын номерин ката киргизүү байкалган учурда, ошондой эле эгер Кардар ушул өңдүү кырдаалдардын пайда болуусу мүмкүндүгүнөн шек санаган учурда, Кардар бул жөнүндө Компанияга токтоосуз билдирүүгө милдеттүү.

Компаниянын телефон номерлери жана электрондук почтасы: 0 550 933 811,701 933 811, 777 933 811, elet@elet.kg

6.2.8. Өз милдеттенмелерин жана ушул Келишимдин жана кредиттик келишимдин шарттарын аткарууну камсыздоого, ошондой эле кредиттер боюнча ар ай сайынкы төлөмдөрдү өз убагында төлөп кутулууга.

6.2.9. Компанияга дарегин жана бардык байланыш маалыматтарын өзгөртүү жөнүндө маалымдоого.

6.2.10. Кардар ушуну менен кабардар болгон жана Компания кардарга мындай өзгөртүүлөр күчүнө киргенге чейин 10 (он) жумуш күнүнөн кеичиктирбей мурда маалыматтык стенддерде жана Компаниянын сайтында www.elet.kg маалыматтарды жайгаштыруу жолу менен маалымдап, Эрежелер менен Тарифтерди бир тараптуу өзгөртүүгө же толуктоого укуктуу экенине макул.

6.2.11. Карыз алуучу ал кредитти алууда берген ар кандай маалыматтар өзгөргөндө, өзгөртүүлөр болуп өткөн күндөн 1 айдан кечиктирбей Компанияга тиешелүү документтерди берүү менен токтоосуз билдирүүгө милдеттенет.

6.2.12. Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына ылайык Карыз алуучу Компанияга ушул келишим боюнча талап кылуу укуктарын каалаган үчүнчү жактарга өткөрүп берүүгө макулдугун берет.

## 6. Кардардын маалыматтарды иштетүүгө макулдугу

**7.1.** Ушул Келишимдин акцептинин негизинде, кардар Компаниянын жеке маалыматтарды иштетүүсүнө (анын жана/же каалаган үчүнчү жактардын атынан, анын ичинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык аракеттенишкен Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунан жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынан алуусун кошо) өз макулдугун берет.

**7.2.** Ушул макулдук кардар тарабынан жалаң кардар менен Компаниянын ортосунда түзүлгөн ушул Келишимдин шарттарын, талаптарын аткаруу, жана Компаниянын ушул Келишим боюнча өз милдеттенмелерин жүзөгө ашыруу максаттарында берилет. Макулдук төмөнкү маалыматка таралат:

фамилиясы, аты, атасынын аты, ИСН, паспорттук маалыматтары, телефон номери жана Компанияга белгилүү каалаган башка маалымат (мындан ары – Жеке маалыматтар).

**7.3.** Ушул макулдук кардар ушул Келишим жана Компания менен түзүлгөн келишим боюнча өз милдеттенмелерин толук аткарганга чейин иштейт. Макулдук кардар тарабынан Компания менен түзүлгөн Кредиттик келишимдер боюнча карыздарын толук төлөп кутулгандан кийин гана чакыртылып алынат.

**7.4.** Ушул келишимдин акцептинин негизинде кардар ушул Келишимди, келишимдерди аткаруу максаттары жана Компаниянын кредиттерди тейлөө жана карыздарды чогултуу боюнча кызматтарын жүзөгө ашыруусу, ошондой эле Компаниянын жана/же анын өнөктөрүнүн жаңы өнүмдөр менен кызмат көрсөтүүлөрдү иштеп чыгуусу үчүн зарыл же кааланарлык болгон анын жеке маалыматтарына карата каалаган иш-аракеттерди, чектөөсүз, төмөнкүнүкошо: чогултууну, тутумдаштырууну, топтоону, сактоону, тактоону (жаңылоону, өзгөртүүнү), колдонууну, таратууну (анын ичинде берүүнү), жаксыздантууну, кулптоону, жок кылууну, анын жеке маалыматтарын транс чек аралык берүүнү жүзөгө ашыруусуна, ошондой эле «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жоболорун эске алуу менен анын жеке маалыматтары менен каалаган башка иш-аракеттерди жүзөгө ашыруусуна өз макулдугун берет.

**7.5.** Кардардын жеке маалыматтарын иштетүүнү Компания жеке маалыматтарды иштетүүнүн төмөнкү негизги ыктарын колдонуп (бирок алар менен чектелбей) жүзөгө ашырат: сактоо, электрондук алып жүрүүчүлөргө жазуу жана аларды сактоо, тизмелерди түзүү, энтамгалоо.

**7.6.** Арыз берип жатып, кардар бардык жогоруда баяндалган маалымат ишенчиликтүү экендигин тастыктайт, ошондой эле ал жөнүндө кредиттик бюродон кардар катары жана каалаган башка макамда маалыматтарды алууга жана/же берүүгө МАКУЛДУГУН БЕРЕТ жана дооматтарды койбойт. Кардар ушул Арыз-макулдуктун иштөө мөөнөтү мөөнөтсүз болуп саналары жана Компаниянын алдындагы бардык милдеттенмелердин бүткүл мезгилине (бардык кийинки кредиттерге жана финансылоонун/келишимдик укук мамилелеринин башка формаларына) таралары жөнүндө кабардар.

## 7. Тараптардын жоопкерчиликтери

**8.1.** Келишим боюнча милдеттенмелерин аткарбоо же начар аткаруу үчүн тараптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

**8.2.** Кардар мобилдик телефонунун номеринин/электрондук почтасынын дарегинин, төлөм картасынын же электрондук капчыгынын номеринин, ошондой эле «Онлайн Кредит» тиркемеси кызмат көрсөтүүсүндөгү арызда кардар көрсөткөн башка маалыматтардын ишенчиликтүүлүгү үчүн өз алдынча жоопкерчилик тартат. Көрсөтүлгөн мобилдик телефонунун номери/электрондук почтасынын дареги, төлөм картасынын же электрондук капчыгынын номери жана башка маалыматтар ишенчиликсиз болгон учурда, ошондой эле Компаниядан көз карандысыз себептер (билдирүү уюлдук байланыш оператору тарабынан жөнөтүлгөн эмес, интернет-провайдер тарабынан физикалык жактын мобилдик телефонунун номери/электрондук почтасынын дареги кулптанган ж.б.у.с.) менен шартталган башка учурларда, Компания кандайдыр бир жоопкерчилик тартпайт.

**8.3.** Кардар «Онлайн Кредит» тиркемеси кызмат көрсөтүүсүндө көрсөтүлүүчү маалыматтын ишенчиликтүүлүгү үчүн өз алдынча жоопкерчилик тартат.

**8.4.** Компания жүзөгө ашырылган операциялар жөнүндө купуя маалыматтын сакталгандыгы үчүн жоопкерчилик тартат. Операциялар жөнүндө маалыматтар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте берилишет.

**8.5.** Компания кардарда келип чыккан ар кандай чыгашалар үчүн, анын ичинде кардар Оферта келишиминин жана Кредиттик келишимдин шарттары жана (же) тарифтер жана (же) Келишимдердин шарттарына жана (же) тарифтерге киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен таанышпагандыгына жана (же) өз убагында таанышпагандыгына байланыштуу, жоопкерчилик тартпайт.

**8.6.** Жеңе алгыс күчкө ээ жагдайлар (форс-мажор) келип чыккан учурда тараптар ушул Келишим боюнча милдеттенмелерди жарым-жартылай же толук аткарбагандык үчүн жоопкерчиликтен бошотулушат, аларга киришет: жаратылыш кырсыктары, өрттөр, суу ташкындар, Тараптардын ушул Келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткаруусуна жолтоо болуучу массалык башаламандыктар, иш

таштоолор, согуштук аракеттер.

**8.7.** Ушул Келишимдин 8.6-пунктунда каралган жагдайлар кирип келген учурда, Тараптардын Келишим боюнча милдеттенмелерин аткаруу мөөнөтү, ошол жагдайлар жана алардын кесепеттери иштеген мезгилге тең өлчөмдүү жылдырыла алат.

**8.8.** Эгерде жеңе алгыс күчкө ээ жагдайлардын иш-аракети бир айдан ашуун созулса, Тараптар Келишимди аткаруунун алгылыктуу альтернативалуу ыктарын айкындоо үчүн кошумча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүшөт.

**8.9.** Кредит боюнча камсыздоо: ушул Келишим боюнча милдеттенмелерин аткарбоо үчүн Кардар ага менчик укугунда таандык болгон, КР мыйзамдарына ылайык ага өндүрүп алуу үчүн кайрылуу мүмкүн болгон бардык жеке мүлкү менен жооп берет.

## 8. Талаштарды чечүү

**9.1.** Кардар менен Компаниянын ортосундагы мамилелерден келип чыгуучу талаштар боюнча сотко доо менен кайрылууга чейин, Милдеттенмелерди аткарбоо жөнүндө билдирме (жазуу жүзүндөгү эскертүү) жөнөтүү милдеттүү болуп саналат.

**9.2.** Тараптар макулдашууга жетишпегенде, ушул Келишимден келип чыккан талаштар, пикир келишпестиктер же талаптар, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сот органдарында каралышат. Тараптар, КР ЖПКнин 34-бер. жетекчиликке алышып, КР ЖПКнин 30-бер. аныкталган юрисдикцияны өзгөртүүнү келишишти, ошого байланыштуу Компания Карыз алуучуга карата өз кароосу боюнча доо берүүгө укуктуу болот: Компаниянын жайгашкан жери боюнча же Карыз алуучунун жашаган жери боюнча.

## 9. Келишимдин иштөө мөөнөтү

**10.1.** Кардар ушул Келишимдин акцептин берген күндөн баштап Келишимдин 2.4-п. ылайык ушул Келишим түзүлдү деп эсептелет да, ушул макулдашуу боюнча милдеттенмелерди толук аткарганга чейин иштейт.

**10.2.** Ушул Келишим аны Компания чакырып алган учурга чейин иштейт. Компания ушул Келишимди расмий чакырып алган учурда, бул жөнүндө маалымат Компаниянын сайтында жайгаштырылууга тийиш.

## 10. Башка шарттары

**11.1.** Ушул Келишимде түз каралбагандын бардыгында, тараптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жетекчиликке алышат.

**11.2.** Ушул Келишимди түзүү менен кардар, өз эрки боюнча жана өз кызыкчылыгында аракеттенип, Келишимдин 7-бөлүмүнө ылайык Компаниянын анын жеке маалыматтарын иштетүүсүнө өз макулдугун берет.

**11.3.** Компания кардардын жеке маалыматтарын иштетүүдө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын толук көлөмдө сактоого милдеттенет.

**11.4.** «Онлайн Кредит» тиркемесин колдонуу эрежелери жана Купуялуулук саясаты менен кардар Компаниянын расмий сайтынан тааныша алат: www.elet.kg

**11.5.** Бардык келип чыккан суроолор боюнча кардар Компанияга төмөнкү телефондор аркылуу кайрыла алат: 0 550 933811,701 933 811, 777 933 811 же Компаниянын бөлүмдөрүнүн бирине кайрыла алат.

**11.6.** Ушул Келишим кардар ушул Келишимдин акцептин берген учурдан тартып күчүнө кирет.

**11.7.** Эгерде ушул Келишимдин кайсыл бир жобосу жараксыз, мыйзамсыз болуп калса, калган жоболорунун колдонулуучулугу төмөндөтүлгөн же жокко чыгарылган болбоого тийиш.

## 11. Компаниянын аталышы, дареги жана банктык реквизиттери

«Элет-Капитал» микрофинансылык компаниясы ЖАК»
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Москва көч., 125
ИСН: 02909200510102.
ИУЖК 23898819
Банктык реквизиттери:
Банк: «ДКИБ» ЖАКнун М. Горький
филиалы
Э/эсеби 1181000500177527

БИК: 118006
Тел. 0312 66-61-84
Email: elet@elet.kg

*Элет-Капитал» МФК» ЖАКунан «Онлайн Кредит» тиркемесинин кызмат көрсөтүүлөрүнүн жардамы менен аралыктан төлөө шарттарын кабыл алуу үчүн АЧЫК ОФЕРТА КЕЛИШИМИНЕ*
*1-тиркеме*

**Жекече маалыматтарды алууга, иштетүүгө жана өткөрүп берүүгө**
**МАКУЛДУК**

**Мен «Элет-Капитал» МФК» ЖАКуна менин төмөнкү жекече маалыматтарымды суроого, алууга, иштетүүгө, колдонууга жана өткөрүп берүүгө макулдугумду берем:**

- фамилиямды, атымды, атамдын атын;
- жашаган жана катталган дарегимди;
- паспорттук маалыматтарымды;
- уюлдук телефонумдун номерин;
- мамлекеттик органдардан жана башка расмий булактардан алынган маалыматтарымды;
- жана башка маалыматтарымды.

Жекече маалыматтарымды чогултуунун, колдонуунун жана иштетүүнүн негизи жана максаты – менин кредитке өтүнмөмдү «Элет-Капитал» МФК» ЖАКунда кароонун алкагында макулдук алууга мыйзамдын талабы болуп саналат. Ушуга байланыштуу, мен «Элет-Капитал» МФК» ЖАКуна менин жекече маалыматтарым менен төмөнкү иш-аракеттерди (иш-аракеттердин тизмеси) жасоого макулдук берем:

- мамлекеттик органдардан жана башка расмий булактардан менин жекече маалыматтарымды суроого жана алууга;
- менин төлөөгө жөндөмдүүлүгүмдү аныктоо үчүн менин жекече маалыматтарымды баалоого жана талдоого;
- мени менен келишим түзүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө чечим кабыл алуу үчүн «Элет-Капитал» МФК» ЖАКунун кароосу боюнча менин жекече маалыматтарымды текшерүүгө, бириктирүүгө жана чечмелөөгө;
- мен берген же менин чыныгы жеке макулдугум боюнча мамлекеттик органдар тутумунан жана башка булактардан (Мамлекеттик каттоо кызматынан, Социалдык фонддон, Кредиттик бюродон, уюлдук операторлордон ж.б.у.с.) сурап алынган менин жекече маалыматтарымды колдонууга;
- менин жекече маалыматтарым жана кредиттин параметрлери жөнүндө маалыматты, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын алкагында үчүнчү жактарга өткөрүп берүүгө;
- менин жекече маалыматтарым, кредиттин параметрлери жөнүндө маалыматты, кредит боюнча төлөп кутулуулар жана мөөнөтүн өткөрүүлөр жөнүндө маалыматты, менин кредиттик таржымалымды түзүү үчүн Кредиттик бюрого өткөрүп берүүгө.
- террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын аткаруу максатында жеке маалыматтарды иштеп чыгууга берүүгө.

Кредитти берүүгө арыз жактырылган учурда, анын ичинде «Онлайн Кредит» тиркемесинин кызмат көрсөтүүлөрү боюнча, бардык талап кылынган жана зарыл документтерге мен электрондук кол аркылуу кол коём.

Мен ушуну менен жекече маалыматтарды иштетүүгө макулдук ушул макулдукка кол койгон күндөн баштап кредитти тейлөөнүн бүткүл мөөнөтү ичинде иштей турганы жана ал жөнүндө маалыматтар «Элет-Капитал» МФК» ЖАКунда сакталары менен тааныштым жана кабыл алам.

**Мен ушул макулдукту өз колум менен кол коюлган жана кагаз жүзүндө берилген менин макулдугума барабар деп таанайм да, берилген жекече маалыматтардын ишеничтүүлүгү үчүн жоопкерчиликти өзүмө алам.**

Ушул Макулдашуунун шарттары Компаниянын расмий сайтында таанышуу үчүн жеткиликтүү: www.elet.kg